КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН №22- КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

ТОКТОМ

2026-жылдын 10-ноябрындагы №161 Оргочор айылы

Көркөм жетекчи штат бирдигин ачуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 27, 34 жана 39-беренелерин, Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 7-апрелиндеги №119 «Маданият жөнүндө» Мыйзамынын 15-беренесин, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 78-беренесин жана 2009-жылдын 20-июлундагы №241 «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамынын 29, 30-беренелерин жетекчиликке алып, Оргочор айыл өкмөт башчысы Н.Жусуповдун билдирүүсүнүн негизинде Оргочор жергиликтүү кеңеши токтом кылат:

1. Маданият чөйрөсүн өнүктүрүү, калкка көрсөтүлүүчү маданий кызматтардын сапатын жогорулатуу жана чыгармачыл жамааттардын ишин жандандыруу максатында Чоң-Кызыл-Суу айылынын маданият үйүнүн штаттык расписаниесине 2027-жылдын 1-январынан тарта 1 (бир) штаттык бирдикте «көркөм жетекчи» кызматын ачууга макулдук берилсин.

2. Оргочор айыл өкмөт башчысына:
   - ачылып жаткан 1 (бир) штаттык бирдиктеги көркөм жетекчи кызматын каржылоо үчүн зарыл болгон эмгек акы фондун жана башка тиешелүү чыгымдарды 2027-жылга карата жергиликтүү бюджеттин долбоорунда каралсын;
   - белгиленген тартипте штаттык расписаниеге тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча чараларды көрсүн.
   - Чоң -Кызыл-Суу айылынын маданият үйүнө көркөм жетекчинин кызматтык нускамасын бекитүү жана белгиленген квалификациялык талаптарга жооп берген адисти кызматка кабыл алуу тапшырылсын.

3. «Оргочор жергиликтүү кеңештин 2025 -жылдын 29-январындагы № 15 “Штат бирдигине өзгөртүү кийирүү жөнүндөгү”токтомунун 1-пунктунун 2-пункчасы (Чоң-Кызыл-Суу айылынын маданият үйүнүн көркөм жетекчи штатын жоюу жөнүндө) 2027-жылдын 1-январынан тарта күчүн жоготту деп табылсын».

4. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кенешинин жооптуу катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын.

5. Ушул токтом белгиленген тартипте 2027-жылдын 1-январынан тарта күчүнө кирет.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңешинин “Социалдык маселелер. Маданий өнүгүү, укук жана спорт маселелери боюнча” жана “Финансы пландоо. Бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө жана сырттан келген инвестицияны көзөмөлдөө маселелери боюнча” туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага **А.Тыныбеков**